алгачкы тарбия материалы болгон, эне сүтүндөй аруу, таза болгон бешик ырлары менен башташыбыз туура деп ойлойм.

***Адабияттар***

*1. Айтматов Ч. Т. Чыгармаларынын VIII томдук жыйнагы / Айтматов Ч. Т. - Бишкек, 2008.*
*2. Бекбоев И. Б. Таалим-тарбия берүүнүн сегиз ачкычы. / Бекбоев И. Б. - Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, №2. - Бишкек, 2008.*
*3. Безруких М. М. Готов ли ребенок к школе? / Безруких М. М. - Москва, 2001.*
*4. Белинский В. Г. О детских книгах. / Белинский В. Г. – М., Вентана, 1982.*
*5. Каменский Я. А. Материнская школа. / Каменский Я. А. Пер. с нем. – М., 1979.*
*6. Крупская Н. К. О дошкольном воспитании. Педагогическое сочинение в 10-ти томах / Крупская Н. К. –М., 1969.*
*7. Макаренко А. С. О воспитании. / Макаренко А. С. - М, 1990.*
*8. Түгөлбаев М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. / Түгөлбаев М. - Бишкек, 1991.*
*9. Маркова Т. А. Подготовка детей к школе в семье. / Под ред. Марковой Т. А., - М, 1981.*

***УДК:300.372.(16).***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.12***

***Айтиева Г. А.,***
*ОшМПУ*

***Айтиева М. А.,***
*ОшМЮИ*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ”КУТ АЛЧУ БИЛИМ” ПОЭМАСЫНДАГЫ ДҮЙНӨ ТААНУУГА БОЛГОН КӨЗ КАРАШТАР

***Кыскача мазмуну***

*Бул макала Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасындагы философиялык көз караштарды, дүйнө түшүнүүсүн, дүйнө таанымын, башкача айтканда гносеологиясын изилдөөгө арналган. Ж. Баласагындын материализми анын стихиялык-диалектикалык көз караштары менен тыгыз байланышкан. Ал жаратылыштын бардык кубулуштары өсүп турат жана ошол өзгөрүүгө ылайык дайыма кыймылда болот, эски нерсе өлүп, жаңыга өз ордун бошотуп берет, адамдын турмушу түбөлүктүү эмес, адам дагы төрөлүп, кайра картайып жана өлүүгө мажбур деп жазган. Ж. Баласагын материализм жана стихиялык диалектика тууралуу өзүнүн идеяларын бир гана жаратылыш көрүнүштөрүнө эмес, коомдук турмушту изилдөөдө да колдонуп кеткен. Ж. Баласагын Күнтуудуну мыйзамдуулуктун символу катары караган. Анын пикири боюнча адилеттүүлүк, адеп-ахлактуулук мамлекет башкаруучусуна тиешелүү эң зарыл сапаттардын бири. Мамлекет башчысы мыйзамдын негизинде адилеттүү башкарса, сөзсүз түрдө адилеттүүлүк ишке ашат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *дүйнө тааным, философиялык көз караштар, космогония, тарбия, күн, өлүм, аба, жер, поэма, планета.*

# ВЗГЛЯДЫ НА МИРОВОЗЗРЕНИЯ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА “БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ”

***Аннотация***

*Эта статья посвящена изучению философских взглядов, миропонимания, мировоззрения, т. е. гносеологии в поэме «Благодатное знание» Ж. Баласагына. Материализм Ж. Баласагына тесно связан с его стихийно-диалектическими воззрениями. Он писал, что все явления природы растут и находятся в постоянном движении, что старое умирает и уступает место новому, что человеческая жизнь не вечна, что человек рождается заново, стареет и вынужден умереть. Ж. Баласагын использовал свои идеи о материализме и стихийной диалектике не только при изучении природных явлений, но и при изучении общественной жизни. Ж. Баласагын считал Кунтуду символом легитимности. По его словам, справедливость и нравственность являются одними из важнейших качеств правителя. Если глава государства правит честно на основе закона, справедливость обязательно восторжествует.*

***Ключевые словы:*** *миропознание, философские взгляды, космогония, воспитание, солнце, смерть, воздух, земля, поэма, планета.*

# WORD OUTLOOK IN THE POEM «KUTADGU BILIG» BY JUSUP BALASAGYN

***Abstract***

*This article is devoted to research J. Balasagyn's poem «Kutadgu Bilig» which is devoted to the study of philosophical views, understanding of the world, worldview, i.e. epistemology. The materialism of J. Balasagyn is closely connected with his spontaneous-dialectical views. He wrote that all the phenomena of nature grow and are constantly in motion in accordance with that change, that the old thing dies and gives way to the new, that human life is not eternal, that man is born again, grows old and is forced to die. J. Balasagyn used his ideas about materialism and spontaneous dialectics not only in the study of natural phenomena, but also in the study of social life. J. Balasagyn considered Kuntuduu to be a symbol of legitimacy. According to him, justice and morality are one of the most important qualities of a ruler. If the head of state rules fairly on the basis of the law, justice will surely prevail.*

***Key words:*** *world knowledge, philosophical views, cosmogony, education, sun, death, air, earth, poem, planet.*

Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасында адамдарга тийгизген тарбиялык таасири өтө чоң. Ойчулдун дүйнөгө болгон көз караштарына жана чыгармасынын тийгизген тарбиялык тааасирине көнүл бурганыбызда анын дүйнөнү түшүнүүсү, жашоого болгон көз карашы чыгармасынын мазмунун аныктап тургандыгын окуп биле алабыз. Ал турмуштагы болуп жаткан кубулуштарды, анын урунттуу учурларын тактап, жалпылап, алардын түпкүлүктүү теги жөнүндө өзүнүн илимий даярдыгына, дүйнө түшүнүүсүнүн, башкача айтканда дүйнө таанымынын канчалык экенине жараша ой жүгүртүп, көйгөйлүү маселелердин негизинде акыл калчап жазган.[1] Жусуп Баласагын негизинен болумуш, ой жүгүртүү, жашоонун маңызы, өлүм жана түбөлүктүүлүк, Ааламдын келип чыгышы, анын түзүлүшүнө байланыштуу болгон маселелерге көбүрөөк көңүл бурган. Жусуп Баласагындын айтуусу боюнча Күндүн жылуулугусуз жана жарыгысыз жерде турмуш тиричилик жок.

Жусуп Баласагын Айды өзүнчө планета деп эсептеп жана ал башка планеталарга караганда Жерге жакын турарын, Күндүн таасири астында жарык чыгарып, Жерди дайыма айланып жүргөндүгүн белгилеген. Ал өз эмгегинин 142-саптарында Күн асмандагы өз жолунда тынбай жүрүү менен үч айда жылдын төрттөн бир бөлүгүн басып өткөндүгү тууралуу төмөндөгүдөй ой толгоосун айтып кетет: «үч белги жазга тобол, үчү жайга, үчү – күз,үчү – келет кышкы айга» [2]. Ойчулдун мына ушундай байкоолору бүгүнкү күнгө чейин өз маанисин жогото элек десек жаңылышпайбыз. Айлана-чөйрө, Аалам, дүйнө анын ою боюнча бири-биринен татаалдыгы менен айырмаланган материалдык телолордон турат. Алар: Жер, Суу, От, Аба. Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы боюнча биринчи – От, экинчи – Суу, үчүнчү – Аба, төртүнчү – Жер жаралат. Демек, дүйнөнүн түзүлүшүнүн негизин жогорудагы атап өткөн төрт башталма түзөт. Окумуштуу А. И. Нарынбаев Жусуп Баласагындын бул төрт башталма жөнүндөгү идеясын эске алып, анын философиялык көз карашын Байыркы Индия, Кытай, Грек философторунун эмгектеринен азыктангандыгы жана бул төрт элемент бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин айтып, дүйнөнүн материалдык негизин түзөрүн эскерткен [4]. Мына ушундай ой-пикирдин жыйынтыгында ойчулдун байыркы антикалык философтордун материалисттик көз караштарын улантып жаткандыгын байкайбыз. Жогоруда айтып кеткен төрт башталманын кошулмасын Жусуп Баласагын бири-биринен айырмаланат деп айткан. Тактап айтканда мындай кошулмалар сапаты боюнча айырмаланат да, айлана–чөйрөдөгү ар түрдүү предмет, буюмдарды жаратат. Алар жаратылыштагы гана эмес, коомдогу адамдардын табиятынын да жалпы негизи болуп эсептелет. Баарыбызга белгилүү болгондой байыркы материалисттер дин менен күрөш жүргүзүп, дүйнө материалдык элементтерден тургандыгын, бардык нерселер ушул элементтердин ар түрдүү формасы экендигин далилдеп келишкен. Өзүнөн мурунку материалисттерден айырмаланып, Жусуп Баласагын өз дүйнө таанымында төрт материалдык башталыштын ичинен Жерди эң орчундуу деп эсептеген. Ошондой эле төрт башталманын чордонунда Жер жаткандыгын баса белгилеген. [6]

Жусуп Баласагындын материализми анын стихиялык-диалектикалык көз караштары менен тыгыз байланышкан. Ал жаратылыштын бардык кубулуштары өсүп турат жана ошол өзгөрүүгө ылайык дайыма кыймылда болот, эски нерсе өлүп, жаңыга өз ордун бошотуп берет, адамдын турмушу түбөлүктүү эмес, адам дагы төрөлүп, кайра картайып жана өлүүгө мажбур деп жазган. [5] Жусуп Баласагын материализм жана стихиялык диалектика тууралуу өзүнүн идеяларын бир гана жаратылыш көрүнүштөрүнө эмес, коомдук турмушту изилдөөдө да колдонуп кеткен. Мисалы, ал адилеттик коом жана мамлекет жөнүндө гуманисттик идеяларын да чыгармасында кеңири чагылдырып берген. Жусуп Баласагындын дүйнө тааным процессинде акыл эстин ролун өзгөчө белгилеген, адамдын акылын, билимин жогору баалаган. Адам туулганга чейин эле билүү жөндөмүнө ээ болот деген жаңылыш пикирлерге кошулбастан, табият кубулуштарын акырындап аңдап билүүнүн натыйжасында гана адам анын маңызына жете түшүнөт деп белгилеген. Жусуп Баласагын чыгармасынын кириш сөзүндө эле адамдын акылын, билимин жогору баалоо менен китептин баркына билимдүү гана адам жете алат деп айтып өткөн. [2]

Жусуп Баласагындын адамдын табияты, ой жүгүртүүсү, түшүнүмү анын эс-акылы менен байланышта болот деген. Акыл эстин дүйнө таанудагы татаал кубулуштардын сырларын байкап, бабалардан окуп үйрөнгөнүн, өзүнүн акыл-эсинен жана ой жүгүртүүсүнөн жаралган акыл ойлорун ортого салып, акыл-эсин арттырууга өз салымын кошуу ойчулдун көздөгөн максаттарынын бири болгон. Анын айтуусу боюнча адамдардын курчап турган чындыкты таанып билүүсү – бул табигый нерсе, ал эми анын ушуну ишке ашырган жөндөмдүүлүгү – жогорку жараткандын жазмышы. Адам баласы төрөлүп, жаңы жаралгандан эле акыл-эске ээби, же акыл-эс кандайдыр бир аракет аркылуу адам баласына берилүүчү нерсеби? Бул суроолор кылымдар бою ойчул-

дарды кызыктырып келген. Аль-Фараби акыл-эсти зарыл негиз же дүйнө түзүлүштүн башында турган субстанция катары карайт да, аны бардык пендеге бирдей тиешеси бар деп эсептейт [1]. Бул ыр саптарында көрүнүп тургандай , адам – караңгы үй, аны адам өзүнүн билими менен гана жарык кылып тура алат. Мээ адамдын акыл-эси катылган кутуча деген ойду айтуу менен ойчул адамдын башына бардык рухий дөөлөттөр камтылгандыгын баса белгилеп кеткен. Ошондой эле адамдын акылы жаратылыштын сырларын ача аларын, жерден жашырынып турган алыскы асман телолорунун кыймылын, касиетин да чечмелөөгө кудурети жетерин айта алган. [2]

Жусуп Баласагын өзүнүн замандаштарын билимге үндөгөн, билимсиз жарык дүйнө караңгы жана таанып билүү жок болоорун айткан. Дүйнөнү терең түшүнүп, жакшы жашоо үчүн билимди үйрөнүп жана толуктап туруу зарылдыгын да баса белгилеп кеткен. Билим-жарык, билим-жан дүйнөнүн азыгы, билим – акылмандык, билим – бийик кадыр-барк, аброй деген адам рухунун чордонун аныктап көрсөткөн. [7] Билим – бул идеологиялык кубулуш эмес, ал адамдарга мурас катары берилип турбайт, билимге адам практикалык иш аракеттери менен гана жетише алат. Адам аалым же акылман болуп төрөлбөйт. Ал белгилүү бир убакыт өткөн кийин эс-акылга кирет. Кичинекей наристе кадам таштап, туура басканга үйрөнгөн сыяктуу адам да турмуштун, жашоонун татаал баскычтарынан өткөндөн кийин гана билимге жетишет. Тырышып билим алуу, илимдин жетишкендиктерин тарбия менен айкалыштыруу адамды рухий мураска ээ кылат. Андыктан адам талыкпастан тынымсыз билим алуу жана күнүмдүк практикалык ишмердүүлүк менен толуктап туруусу зарыл. Билимге ээ болгон адамдын акыл-эси айлана-чөйрөнү, табиятты таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал эми билимдүү инсандар кийинки муундар үчүн үлгү боло алат, алардын турмуш жолунун дагы да жакшырышына түрткү боло алат. Мына ушундай жол менен улуу инсандар, ойчулдар жараткан учкул сөздөр, тарыхый мурастар дүйнөлүк маданияттан орун алып, анын бир бөлүгү катары түбөлүк жашамакчы. [3] Таанып билүү аркылуу гана адам өзүнүн билимин, акылын байыта алат. Билим бир гана жеке адамдын эле эмес, коомдун социалдык кызыкчылыктарына да кызмат кылат. Чыгармада акын ар кандай социалдык топторго көңүл бөлүп алардын ордун коомдо ойногон ролуна карата мүнөздөп жазган. Мисалы, поэмада ар бир адистикке тиешелүү бөлүмдөр берилген. Анда ошол адистиктин өзгөчөлүгү, коомго, элге тийгизген пайдасы, жумшалган мээнетинин акыбети тууралуу айтылган. Дыйкандар адамдарга керек, анткени алар ичкенге да, жегенге да беришет. Кол өнөрчүлөр да керек, анткени «ааламдагы бардык таң калаарлык, укмуштуу кооз буюмдар – алардын устакерлигинин жемиши». Ал эми малчылар коомду айран сүт, азык-түлүк, жүн жана башка менен камсыз кылат. Булардын баардыгына урмат кылыш керек, себеби коомдун бүткүл мүчөлөрүн ушулар кийиндирип жана ичиндирип жатышат деп белгилеп кеткен.[1]

Жусуп Баласагын коомдогу социалдык топтордун жана таптардын ортосунда дайыма бирдей мамиле болушун көздөгөн, коомдо үстөмдүк кылган ак сөөктөргө адал, ак кызмат өтөөсүн насият кылган. Мындай абалга жетишүү үчүн эң биринчи мамлекеттик башкаруунун гумандуу мыйзамдарын иштеп чыгууну талап кылган. Ал бай менен кедейлердин ортосундагы теңсиздикти жоюуга үстөмдүк кылган коомдук мамилелерди өзгөртпөстөн эле адилеттүү мыйзамдарды чыгаруу менен жетишүүгө болот деген. Андыктан мамлекет башына билимдүү өкүлдөр, алар иштеп чыккан адилеттүү мыйзамдар керек деп баса белгилеген. Адилеттүүлүк – бул мамлекет башчысынын эн зарыл сапаты. Ал мыйзамга негизделгенде гана ишке ашат. Ошондуктан өкүлдөр мыйзамды сактоодо дайыма этият болуусу керек экендиги жөнүндө да кеңири түшүнүктөрдү бере алган. Жусуп Баласагын Күнтуудуну мыйзамдуулуктун символу катары караган. Анын пикири боюнча адилеттүүлүк, адеп-ахлактуулук – мамлекет башкаруучусуна тиешелүү эң зарыл сапаттардын бири. Мамлекет башчысы мыйзамдын негизинде адилеттүү башкарса, сөзсүз түрдө адилеттүүлүк ишке ашат. Адилеттүү өкүмдар билимдүү, акылдуу болушу керек жана эң терең акыл-эстин, билимдин, сабырдуулуктун сапаттарына жетиши зарыл деп белгилеген. Мамлекет башчыларын элди агартуу жана илимдин жетишкендиктери аркылуу башкарууга үндөгөн.[2]

«Кут алчу билим» чыгармасын окутуу тарбиялоо процессинде өз маанисин эч качан жоготпойт деп ишенимдүү айтып кетүүгө болот.

***Адабияттар***


*1. Аль-Фараби. «О разуме и науке» / Аль-Фараби. - Алма-Ата, 1975-г.*

*2. Ж. Баласагын. «Куттуу билим». Т. Козубековдун котормосунда./ Ж. Баласагын. - Москва, НИК, 1993.*

*3. Исаков К. «Чыгыш Ренессансы жана Жусуп Баласагындык» / Исаков К. - Ош, 2001.*

*4. Нарынбаев А. И. «Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров». / Нарынбаев А. И. – Бишкек, 1994.*

*5. Кыргыз педагогикасы: Энциклопедиялык окуу куралы / Башкы ред. Ү. Асанов; ред. Кеңеш И. Бекбоев ж.б.- Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004.*

*6. Плеханов Г. В. Избранные философские произведения. / Плеханов Г. В. – М., 1986.*

*7. Уледов А. К. Духовная жизнь общества. / Уледов А. К. – 1980.*